Сак Саламат

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо жана
социалдык өнүктүрүү министрлиги


# COVID-19га КАРШЫ ВАКЦИНАНЫН КЫЙЫР ТААСИРЛЕРИН

## КАНТИП КӨЗӨМӨЛДӨӨ ЖАНА КАБАРЛОО КЕРЕК

**Медицина кызматкерлери COVID-19га каршы вакциналардын туруктуу коопсуздугун камсыздоодо маанилүү роль ойнойт**

## ЭМДӨӨНҮН АЛДЫНДА

**1 КАДАМ**



### СУРАГЫЛА

эмделип жаткан адамда качандыр бир кезде вакцинага карата курч аллергиялык реакция болду беле

**Эгерде болгон болсо,** ал адамды андан аркы аракеттерди сунуштай турган аллергологго же башка медициналык адиске жөнөткүлө

**2 КАДАМ**



### БААЛАГЫЛА

эмделген адамдын ден соолугунун абалын, эмдөө учурундагы курч жана өнөкөт оорулардын күчөшүн, иммундук абалын, вакцинанын компоненттерине жана иммуносупрессивдүү терапия алып жаткандарга карата оор аллергияларды эске алуу менен оору таржымалын топтогула

**3 КАДАМ**



### КАБАРЛАГЫЛА


адамдын организми COVID-19дан коргоону калыптандырып жаткандыгын билдирүүчү эмдегенден кийинки кайсы гана болбосун кыйыр белгилер тууралуу

Мүмкүн болгон кыйыр белгилер:

- Колдун ооруушу
- Дене табынын бир аз көтөрүлүшү
- Чарчоо
- Баш оору
- Булчуң же муундардагы оору

**4 КАДАМ**

### ЭМДЕГИЛЕ



## ЭМДЕГЕНДЕН КИЙИН

**5 КАДАМ**




### БАЙКОО ЖҮРГҮЗГҮЛӨ

эмделген адамды 15 мүнөт байкагыла.

Мурда вакцинага аллергиялык реакциясы болгон же оору таржымалында оор реакция орун алган адамдарга 30 мүнөт ичинде байкоо жүргүзгүлө

**6 КАДАМ**



### МААЛЫМАТ БЕРГИЛЕ


жетекчиңерге байкоо жүргүзүүдө аныкталган же кийинчерээк кабарланган кайсы гана болбосун жагымсыз реакциялар тууралуу токтоосуз түрдө айткыла

Иммундаштыруудан кийинки кыйыр көрүнүштөр (ИКKK) боюнча электрондук же кагаз түрүндөгү отчеттук форманы КР ССӨМдүн 15.02.2017-ж., "ИКККга эпидкөзөмөл боюнча колдонмо" №110 Буйругуна ылайык толтургула.

Саламаттык сактоо органдары мунун негизинде ушул учурду иликтөө менен алектенишет.

Өтө сейрек учурларда күтүүсүз жагымсыз реакциялар түздөн-түз вакцинадан улам келип чыгышы мүмкүн. Бирок кыйыр көрүнүштөр жөнүндө билдирүүлөр жана аларды иликтөө COVID-19га каршы вакциналар жогорку сапат стандарттарына андан ары дагы дал келүүсүн улантууну камсыздайт.


# ЭМДӨӨ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЕҢЕШ БЕРҮҮ



Саламдашкыла. Жылмайгыла. Пикир алышуунун жагымдуу стилин колдонгула, кунт коюп уккула жана суроолорду бергиле. Мыкты көрүү байланышын түзгүлө. Ишенимдүү жана акырын сүйлөгүлө. Бул жакшы байланыш түзүүгө жана эмдөө жөнүндөгү сунуштарга бейтаптын ишенүүсүнө жардам берет.

Жетектөөчү стилди колдонгула: “Сиз эмделишиңиз керек” же “Келгениңиз жакшы, азаматсыз, азыр биз эмдейбиз”.

Бул стилди пайдалануу бейтаптар менен иштөөдөгү өзүнүн эффективдүүлүгүн далилдеди.



**Оцените отношение пациента к вакцинации**

Эгерде эмдөө алуу жөнүндөгү сунуштарга бейтап төмөндөгүдөй: «Жакшы болот, мен даярмын» же «Жакшы болот, мен эмдөө жасатсам дейм» деп жооп берсе жана мындан башка суроо бербесе, **“Эмдөөгө макулдук”** Алкагына өткүлө.


Эгерде бейтап эмдөө алуу тууралуу сунушка: “Мен эмдөө боюнча ойлонуп көрөйүн”, “Менде эмдөө боюнча шектенүү жана кооптонуу бар” деп жооп берсе, **“Эмдөөдөн шектенүү”** Алкагына өткүлө.

Эгерде бейтап эмдөө алуу жөнүндөгү сунуштан баш тартса, анда **“Эмдөөдөн баш тартуу”** Алкагына өткүлө.



**Эмдөөгө макул болуу**

Бейтапты мактагыла. Бейтапка жасала турган эмдөө жана эмдегенден кийинки мүмкүн болгон белгилер жөнүндө маалымат бергиле. Эмдөөгө жөнөткүлө.



**Эмдөөдөн шектенүү**

Эмдөөдөн шектенүүнүн себептерин аныктагыла. Кунт коюп уккула жана суроолорго жооп бергиле. Эмдөө жөнүндө айтып бергиле. Эмдөөнүн артыкчылыктары тууралуу маалымат бергиле. Зарыл болгон учурда эмдөө жасатууга ынандырууга болгон аракеттерге терс таасирин тийгизүүчү тескери маалыматтын булагын тапкыла. Эмдөө жөнүндө маалыматтын так булактарын көрсөткүлө.

**Талап кылуучу сунуштарды** колдонгула:

- Эмдөө боюнча кооптонууну же шектенүүнү түшүнө турганыңарды **тастыктагыла.**

- Иммундаштыруу маселелери боюнча оң тажрыйбаңар тууралуу айтып бергиле же “Мен дагы эмдөө жасаттым” деп **айткыла.**

**- Эмдөө жөнүндө илимий маалыматтардан мисал келтиргиле**


**-** Өзүңөрдүн сунуштарыңарга түшүндүрмө **бергиле.**



**Эмдөөдөн баш тартуу**

Эмдөөдөн баш тартуунун себептерин түшүнүү менен уккула.

Бейтаптын көйгөйлөрүнө жана эмдөөдөн баш тартуу себептерине макул болгула. Эмдөөдөн баш тартуу менен байланышкан тобокелчиликтерди түшүндүрүп айтып бергиле. Кандай гана ыңгайлуу учурда болбосун эмдөөгө же ден соолукка байланышкан маселелер жана кошумча маалымат алуу үчүн кайрылууну же келүүнү сунуштагыла.



**ЭМДӨӨ**